Ак-Тилек орто мектебинин так илимдер бирикмесинин 2017-2018-окуу жылындагы аткарылган иштеринин анализи.

Так илимдер бирикмесинин курамы

1. Иманакунова С.С математика-физика мугалими
2. Абдраманова А.Т химия мугалими
3. Суранчиева Р.О информатика мугалими
4. Осмонкулова А математика мугалими

Мектепте так илимдер кеңеши уюштурулуп, анын жетекчиси Иманакунова С жана мүчөлөрү Абдраманова А, Суранчиева Р. Осмонкулова А болуп бекитилди.Жыл ичинде 5 кеңешме өткөрүлдү.

1-кеңешме август айында өткөрүлүп,анда өткөн окуу жылында методикалык кеңеште эмне иштеркаралып,кандай жетишкендиктер,кандай кемчиликтер болгонун,кетирилген кемчиликтердин үстүндө кандай иштер жүргүзүлгөндүгү ачык дана айтылды.

Быйылкы окуу жылынын методикалык иш план менен тааныштырылды жана өзгөрүүлөр киргизилип бекитилди. Бөлүнгөн сааттар боюнча программанын негизинде календардык пландар, окутулуучу китептер талкууланып, кабыл алынды.

2-методикалык кеңешме ноябрь айында өткөрүлдү. Старттык текшерүүнүн жыйынтыгы чыгарылды. Текшерүүнүн жыйынтыгында алгебра жана химия сабактары боюнча окуучулардын билим сапаты начар экендиги байкалды. Тесттик тапшырмалар берилип , окуучулардын билим сапатына көзөмөл жүргүзүү сунушталды.таланттуу жана сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөө иш-планы бекитилди. Суранчиева Рахат информатика боюнча оюн-сабактардын өткөрүлүшү жөнүндө доклад окуду. Текшерүү иш, лабораториялык иштер, өз алдынча иштөө дептерлердин абалы жөнүндө маалымат айтылды. Жыйынтыгында химиядан толук эмес экендиги аныкталып, эскертүү берилди. 1-чейректин жыйынтыгы чыгарылды.Ийрим ,таланттуу балдар менен иштөөдө ар бир мугалим иш алып барышууда.

3-кеңешме январь айында болду. «Так илимдер» усулдук бирикмесинин мүчөлөрү мектеп ичинде олимпиада өткөрүштү. Тестирлөө жана текшерүү иштерди алуу менен жүргүзүлдү. Жыйынтыгында физикадан 1-орунга 11-кл окуучусу Олиева, 2-орунга 9-кл окуучусу Айдарбек уулу Калыс, 3-орунга Абдылдаева Аэлита ээ болду. Математикадан 1-орунга 8-кл окуучусу

Алмазбекова жана Абдылдаева 1-орунга ээ болушту. 9-кл окуучусу Айдарбек уулу Калыс 2-орунга ээ болду. Химия жана информатика сабактары боюнча олимпиада өткөрүлгөн эмес.

Аймактык олимпиадага 11-классынын окуучусу Олиева –физикадан, 9-классынын окуучусу Айдарбек уулу Калыс- математикадан барышты. Бирок орунга ээ болушкан жок.7-8-9-11-класстар арасында «Акыл ордо» таймашы болуп өттү. Осмонкулова Асбүбү «Математикага кызыктыруунун жолдору» деген темада семинар өтүп берди. Олимпиаданын жыйынтыгынын негизинде зээндүү окуучулар менен иштөөнү күчөтүү кабыл алынды. 2-чейректин жыйынтыгы чыгарылды.

4 -кенешме март айында болду. Таланттуу окуучулар менен иштөө математика, физика, химия сабактары боюнча жүргүзүлөт. Бирок олимпиадага чыга алышкан жок. Болгону Абдылдаева Аэлита математикадан райондук олимпиадага катышып өттү, бирок областтык олимпиадага барбай койду. Ата-энеси жиберген жок. Декаданын ичинде зээндүү окуучулар доклад, рефераттарды жазышты.Тесттер, текшерүү иштер алынып турат.

Физика мугалими Иманакунова С. « Фотоэлементтер жана алардын колдонулушу» деген темада ачык сабак өттү. Сабак интерактивдүү ыкманы колдонуу менен өтүлдү. Слайд, көрсөтмө куралдарды пайдалануу менен, окуучуларга жеткиликтүү, чыгармачылык менен мугалим сабагынын максатына жете алды. Видео сабак пайдаланылды.Мугалим интерактивдүү доска менен иштейт. Ушундай сабактар көп өтүлсүн деген сунуш берилди.

Декада негизинен канаттандырарлык деңгээлде өттү. Пландагы иштер аткарылды. Плакаттар, рефераттар, кызыктуу материалдар, табышмактар уюштурулду. Стандарттуу жана стандарттуу эмес ачык сабактар өткөрүлдү. Сабактан тышкаркы иш-чаралар, квн, диспут, конференциялар болду.Бардык мугалимдер бирден ачык сабак жана класстан тышкаркы иш-чараларды аткарышты.

12-февралдан 22-февралга чейин так илимдер декадасынын он күндүк декадасы болуп өттү. 12-февралда декаданын ачылышы

Иманакунова С. «Илимге сапар алабыз» аттуу 5-класска табият таануудан таймаш сабак өттү. Кластер, ребус, синквейн түзүштү. Топтор берилген тапшырмаларын аткарышып, презентациялашты. Окуучулар сабакта активдүүлүгүн көрсөтүштү. Сабак максатына жетти.

Акыл ордо бардык класстар арасында өткөрүлдү.12окуучу катышып, 5окуучу тандалып алынды. Аягында Олиева Гүлбара жана Абдылдаева Аэлита экөө калды. Жеңишке Абдылдаева Аэлита ээ болду. Ардак Грамота менен сыйланды.

22-февралда так илимдер бирикмесинин 10күндүк декадасынын жабылышы болду. Жыйынтыктоонун негизинде төмөнкүдөй көрсөткүчтөргө ээ болду.

1) Газета чыгаруу 8-9-класс
2) Жаш конструктор 7-кл Медетова Эркинай
3) Реферат жазуу 11-кл Талантбек кызы Айжамал, Олиева Гулина
4) Табышмактарды табуу 6-кл окуучулары
5) Активдүү класс 5-класс .

3-чейректин жыйынтыгы чыгарылды. Болгону физика, математика сабактарынын мониторинг анализи бар. Анализдин негизинде математика жана физика сабактары боюнча 7-9-класстарда билимсапаты 2-чейрекке салыштырмалуу жогорулаганы байкалды. Ал эми 5-6-класстарда сабакка жетишүү көрсөткүчтөрү төмөндөгөнү байкалды. 5-класстан 2окуучуга , 6-класстан 1окуучуга «2» чыккан

5-кеңешме май айында болду. Геометриялык курултай 7-8-9-11-класстардын ортосунда өтүлдү. Сабак оюн түрүндө уюштурулуп, окуучулар сабакка кызыгуу менен отурушту. Ар бир геометриялык фигуранын касиеттери, өзгөчөлүктөрү талкууланып, чиймелери менен көрсөтүлдү. Рефераттар, докладдар окулду.

болду. Ачылышында кызыктуу суроолор берилди, оюндар ойнотулду. Он күндүк декаданын планы менен тааныштырылды. Плакаттар, рефераттар, жаш физик-кострукторлор конкурсу жарыя болду.

Абдраманова А. «Алгачкы химиялык түшүнүктөр» деген темада 8-класска өттү. Сабак интерактивдүү ыкмалардын негизинде өтүлдү. Окуучулар сабакка активдүү катышышты. Бардык окуучулар суралды. Сабакты жыйынтыктады.

Иманакунова С .» Ааламдашуу, жаштар жана элдик тарбия» деген темада конференция сабак өттү. Сабакта интерактивдүү доска, слайд, сүрөттөр пайдаланылды. Окуучулар талкуулашып, пайда, зыянын түшүнүштү. Сабак максатына жетти. Адистерди чакыруу сунушталды.

Осмонкулова Асбүбү «Акылдуу математик» аттуу сабак 6-класска өттү. Сабакка 10окуучу катышып, алдыга Милена чыкты. Мактоо грамотасы жана белектер тапшырылды. Сабак кызыктуу болду.

Иманакунова С. «Нерселердин сууда сүзүү шарттары» деген темада 7-класска физикадан ачык сабак өттү. Сабак интерактивдүү ыкма колдонуп өтүлдү. Ар кандай тажрыйбалар көрсөтүлүп, сахналаштырылган жомок аткарылды. Слайд менен жаңы теманы түшүндүрдү. Сабак максатына жетти. Сабакты жыйынтыктоо кенен көрсөтүү сунушталды.

Иманакунова С. «Шайыр окуучулар конкурсу» аттуу 8-9-класстар арасында таймаш сабак өттү. Сабак 10турдан турду. 9-класстын окуучулары жеңишке жетишишти. Мактоо баракчасы тапшырылды.

Суранчиева Р. « Компьютердик вирустар» деген темада ачык сабак өттү. Сабак демонстрациялык формада өтүлдү. Суроолор берилип, билимдери текшерилди. Мугалим өзү түшүнүк берди. Сабак максатына жетти. Окуучуларды көбүрөөк көнүктүрүү сунушталды.

Акыл ордо таймашы Физика , математика, астрономия, химия, табият таануу сабактары боюнча тапшырмалар уюштурулган. Слайд, көрсөтмө куралдарды пайдалануу менен, окуучуларга жеткиликтүү, чыгармачылык менен мугалим сабагынын максатына жете алды. Видео сабак пайдаланылды.Мугалим интерактивдүү доска менен иштейт. Ушундай сабактар көп өтүлсүн деген сунуш берилди.

4-чейректин жыйынтыгы канаттандырарлык деп кабыл алынды. Салыштырмалуу караганда 4-чейректин жыйынтыгында билим сапаты жогорулаган. Ар бир кеңешме убагында өткөрүлүп, талкуу жүргүзүлүп, токтомдор толтурулуп турду. Бирикменин иши канаттандырарлык деп табылды.

Бирикме жетекчи [signature] Иманакунова С. С.

Ак-Тилек орто мектебинин так илимдер бирикмесинин 2018-2019-окуу жылындагы аткарылган иштеринин анализи.

Бирикменин курамы:

1.Иманакунова С.С      математика-физика мугалими

2. Абдраманова А.Т

3. Суранчиева Р.О

2018-2019-окуу жылында так илимдер бирикмеси 5кеңешме откорду. 1-кеңешме август айында өткөрүлүп, откөн окуу жылында аткарылган иштер, кемчиликтер, жетишкендиктер айтылып, кайрадан жаңыча иштөө жолдору талкууланды. Быйылкы окуу жылынын методикалык иш план менен тааныштырылды жана өзгөрүүлөр киргизилип, бекитилди. Бөлүнгөн сааттар боюнча программанын негизинде календардык пландар, окутулуучу китептер талкууланып, кабыл алынды.

2-методикалык кеңешме ноябрь айында откөрүлдү. Старттык текшерүүнүн жыйынтыгы чыгарылды. Старттык текшерүү 5-10-класстарда математика, 8-10-класстарда физика, 7-10-класстарда биология, 9-класстан информатика боюнча алынды. Сунуш: бардык сабактар боюнча кошумча сабактар отүлсүн.
Сунушка баары макул болушту.
2-маселе боюнча бирикменин жетекчиси Иманакунова С.С. соз сүйлөдү:
5-11-класстардын математика, 7-10-класстарда физика, химия сабактары боюнча текшерүү иш жана өз алдынча иш дептерлери текшерилди. (Маалымат окуп берди.)
Абдраманова А. сүйлөдү:
Текшерүү иш чейрекке карата жаздырам, ошондуктан жок болчу, азыр ачтырдым.
Суранчиева Р. сүйлөдү:
Математикадан кыйналып жатам, китеп жок, балдарга тапшырма берүүдө жаздырып, убакыт кетет.
Маалымытта берилген сунушка макул болушту.
2-маселе боюнча бирикменин мүчөлорү оз предметтери боюнча олимпиадалык тапшырмалрын талкуулашты.
Иманакунова С сүйлөдү:

Быйыл мектеп ичиндеги олимпиадага 5-10-класска чейин математика, 8-10-класстар физика, биология, 8-9-класстарда информатика боюнча өткөрүлөт. Олимпиадалык тапшырмаларды 2-чейректин 1-жумалыгында даярдагыла. 2-жумасында олимпиада мектеп ичинде өткөрүлөт. Олимпиада өтүү мөөнөтторүнүн графиги завуч тарабынан түзүлөт.

3-маселе боюнча жаны технологиялардын сабакта колдонулушу.Опыт алмашуу боюнча бирикме мучолорундогу мугалимдер бири-бири менен опыт алмашуу болду.Анда интерактивдуу доскаларды колдонуу,интернеттен маалыматтарды топтоо жана слайд колдонуп сабак отуу ыкмаларын колдонушту.

3-методикалык кенешме январь айында отулду.

1-маселе боюнча бирикменин жетекчиси Иманакунова С.С. соз сүйлөдү: Олимпиаданын жыйынтыгы боюнча анализ окуп берди. Рахат олимпиада информатика боюнча өткөргөн эмес.

Олимпиадалык материалдарды жогорку деңгээлде түзүү, оз мөонөтүндо бекитүү жана уюшкандыкта өткорүү

Биринчи орунга ээ болгон окуучулар райондук олимпиадага даярдалып жиберилсин.

2-маселе боюнча Так илимдер бирикмесинин предметтери боюнча зээндүү жана начар окуган окуучулар менен иштоо иштердүүлүкторү текшерилип, төмөнкүлөр байкалды. Бардык мугалимдердин пландары бар, бекитилген. пландары бар. Кошумча сабактын графиги түзүлгөн. Мугалимдер график менен иштешет.

3-маселе боюнча бирикме жетекчи декаданын жыйынтыгы боюнча анализди окуп берди. План боюнча бардык эле сабактар өтүлдү. Суранчиева Рахат бир планын өткөргөн жок. Негизинен декаданын жыйынтыгы канаттандырарлык болду.

4-маселе боюнчабирикме жетекчи сүйлөдү. Математика, физика предметтеринен мониторинг түзүлүп, анализ жүргүзүлдү.

4-методикалык кенешме март айында откорулду 1-маселе отулгон ачык сабактарга анализ берилди .Ачык сбактар коюлган графиктин негизинде отулду. Айрым мугалимдер откон жок алар: Сурапчиева Р. математикадан откон жок.2-маселе окуучулардын билимин баалоо .Тажрыйба алмашуу боюнча бирикме мучолору арасында сабактарга катышуу жана ачык сабактарды отуу аркылуу тажрыйба алмашуу журуп турду. 3-маселе боюнча экзаменге даярдык коруу .Кочуруу экзамендерине берилуучу тапшырмаларды жана мамлекеттик экзамендерине даярдануу керек экендиги айтылды.

5-методикалык кенешмеде 4-классынын математика боюнча аттестациясынын жыйынтыгы канааттандырарлык деп эсептелди. Бирикме мучолорунун отчету алынып бирикменин жылдык анализи жазылды.

Ак-Тилек орто мектебинин так жана табигый илимдер бирикмесинин

2019-2020-окуу жылындагы аткарылган иштеринин анализи.

2019-2020-окуу жылында так жана табигый илимдер бирикмеси жылдын башында түзүлгөн план боюнча иш алып барышты. Жыл бою 5 кенешме өткөрүлүп, аткарылган иштер каралды. 1-кенешме август айында өткөрүлүп, өткөн окуу жылында аткарылган иштер, кемчиликтер, жетишкендиктер айтылып,кайрадан жаныча иштөө жолдору талкууланды.Быйылкы окуу жылынын методикалык иш план менен тааныштырылды жана өзгөрүүлөр киргизилип, бекитилди.Бөлүнгөн сааттар боюнча программанын негизинде календардык пландар,окутулуучу китептер талкууланып, кабыл алынды.

2-методикалык кенешме ноябрь айында өткөрүлдү.Старттык текшерүүнүн жыйынтыгы чыгарылды.Старттык текшерүүдө алгебрадан 9-класс билим сапаты 12%,11-класстыкы 0% түзгөн. Бирикме боюнча информатикадан алынган эмес. Старттык текшерүүнүн жыйынтыгында алгебрадан 8,9,11-класстын билим сапаты начар. Химия,биология,тарых,география сабактарынан билим денгээли орто. Октябрь айында тарых сабагынын он күндүк декадасы болду.Декдада тарых мугалими Бейшекеева Ж.К жана адам коом мугалими Бейшеналиева А.А. ачык сбактарды өтүштү.Зээндүү окуучулар менен иш алып баруу боюнча бирикмедеги мугалимдердин иштери каралды.Ноябрь айынын ичинде мектеп ичинде олимпиадага кандай тапшырмаларды берилет мугалимдер менен талкууланды.

3-методикалык кенешме январь айында өтүлдү.

Мектеп ичинде өтүлгөн олимпиаданын жыйынтыгы менен райондук олимпиадага

географиядан Сраилова Э. 10-класс, Аскаров Н. 11-класс

биологиядан Сагыналиева Н. 10-класс, Балыкчиева А. 11-класс

физикадан Абдылдаева А. 10-класс

жогорудагы окуучулар катышты. Райондук олимпиаданын тапшырмалары министерстводон түзүлүп келинди. Эки тур менен эки күн өткөрүлүп жыйынтык чыгарылды. Райондук олимпиададан 10-класстын окуучусу Абдылдаева А. физика сбагы боюнча 3-орунга ээ болду. Калган сабактардан орунга ээ болгон окуучулар болгон жок. Маселе каралып сунуш киргизилди:

мектеп ичинде олимпиадага даярдык көрүү үчүн райондук олимпиаданын денгээлинде тапшырмалар берилсин. Олимпиадага окуучуларды даярдоо улантылсын.

Ноябрь айында физика сабагынын он күндүк декдасы болуп ачык сабактар өтүлдү.Жумушчу дептерлерди, текшерүү иш дептерлердин жүргүзүлүшүнүн сапаты, тапшырмалардын нормалары жана баа коюлуш сапаты 9,10,11-класстардыкы текшерилди. Мугалимдерге кемчилдиктери айтылып ондолуп көрсөтүштө. Биологиядан 7,9-класстан тест алынып билим сапаты текшерилип жыйынтыгы төмөндөгүдөй болду. 7-класс билим сапаты 20%, жетишүүсү 87%, 9-класс билим сапаты 25%, жетишүүсү 100% түздү. Математикадан 6,11-класстан текшерүү иш алынып билим сапаты текшерилди. 6-класс билим сапаты 23%, жетишүүсү 84%, 11-класс билим сапаты 25%, жетишүүсү 75% түздү. Декбрь айында география сабагынын он күндүгүнүн декадасы болуп өттү.

4-методикалык кенешме март айында өткөрүлдү.

Химия ,физика сабактары боюнча лабороториялык – практикалык иштердин жүргүзүлүшүн текшерүү төмөндөгүдөй болду. Физикадан Имаанакунова С.С. жана7,8-класстарга Абышева А.М. сабак берет. Физикалык приборлор жок болгондуктан, теориялык түрдө өтүлөт. Дептерлер жана даяр стандарттык түрдөгү баракчалардагы лабараториялык,практикалык иштер мене иштешет.Программанын негизинде ар бир класска лабороториялык,практикалык иштер киргизилген жана убагында өтүлүүдө.Химия сабагынын декадасы январь айында, март айында математика сабагынын декадасы болду.

5-методикалык кенешме май айында өткөрүлдү.

Кырдаалга байланыштуу окуучулар онлайн окуу менен болгондуктан репетициялык экзамендер откорүлгөн жок. 4-чейрек онлайн окуунун негизинде жыйынтыкталып,жылдык баалар чыгарылды.

Бирикме жетекчиси: [signature] Бейшекеева Ж.Т.

## Ак-Тилек орто мектебинин так жана табигый илимдер бирикмесинин 2020-2021-окуу жылындагы аткарылган ишинин жылдык анализи.

2020-2021-окуу жылында так жана табигый илимдер бирикмеси жылдын башында түзүлгөн план боюнча иш алып барылды.Так жана табигый илимдер бирикмесинде математика, физика, информатика, химия, тарых, биология, география сабактары кирет.Жыл бою 5 кенешме өткөрүлдү.

Бирикменин курамында:

1.Бейшекеева Ж.К.- бирикме жетекчиси

2.Сайдинова Дж.Б. - география мугалими

3.Иманакунова С.С. - физика, математика мугалими

4.Абышева А.М. - математика, информатика мугалими

5.Ибрагимова Г.Р. - химия мугалими

**Биринчи кенешмеде** 2019-2020-окуу жылындагы бирикменин планы боюнча аткарылган иштер тууралуу талкууланды. Жаны окуу жылына бирикменин иш планы түзүлүп, бекитүүгө сунушталды.

**Экинчи кенешмеде** сентябрда старттык текшерүү алынды.Окуучулар онлайн окугандыктан тесттер менен иштешти.Математикадан 5,6,7,8,9,10,11-класстардан мугалим Иманакунова С.С,Абышева А.М. алды.Физикадан 9,10,11-класстардан Иманакунова С.С, Географиядан 7,8,9,10,11-класстардан Сайдинова Дж.Б, биология жана химиядан Бейшекеева Ж.К, информатикадан Абышева А.М. 21-28-сентябрга чейин алгачкы билим сапаты текшерилди.Тарых сабагы боюнча старттык тест алынган жок.Билим сапаты төмөн 10-класс химиядан 17% түздү.

Тарых декадасы 11-20-октябрга чейин болду.Мугалим Эгембердиева Б. декданы өткөн жок.

Физикадан 11-20-ноябрга чейин Иманакунова С.С. декадасын өттү. Окуу онлайн болгондуктан ачылышына “Кызыктуу физика” деген темада слайд жиберилип көрсөтүлдү.13-ноябрда Физикалык викторина 7-11-класстар арасында онлайн форматта өттү.8-11-класстар арасында презентация,слайд даярдоо конкурсу өткөрүлдү.18-ноябрда “Акыл ордо” онлайн өтүлүп жабылышын кылды. Окуучулар онлайн болсо дагы предметке болгон кызыгуулары байкалып турду.Өздөрү физика боюнча видео слайддарды даярдап жиберишти.

Мектеп ичинде олимпиадага өткөрүүгө даярдык боюнча сүйлөшүлдү. 10-11-класстарга райондук метод бирикме жетекчилери тарабынан даярдалып келе турган болду. Ал эми 5,6,7,8,9-класстарга ар бир предметтик мугалимдер өздөрү даярдап конвертке салып окуу завучуна өткөрөт. Мектеп ичинде өтүү үчүн Кемин райондук билим берүү тарабынан буйрук келип ошонун негизинде график түзүлөт.Олимпиадага катыша турган окуучулар дагы такталып тизмеси берилсин деп чечим кабыл алдык.

1-10-декабрга чейин география предметинин декадасын мугалим Сайдинова Дж.Б. өттү. 2-декабрда "Географиялык саякат" деген аталышта декаданын ачылышы слайд,сүрөттөр боюнча саякат жүргүзүлдү.6-класска "Суу-өмүрдүн булагы" деген темада ачык сабак өтүлдү.7-класска "Түштүк Америкага саякат" ачык сабак, 8-класска презентация "КР дыйканчылык жана көйгөйлөр", 6,7,8,9-класстар арасында "Жаратылыш байлыктары" сүрөт сынагы өткөрүлдү.

**3-кенешмеде** Химия предметинин декадасы 21-31-январга чейин өткөрүлдү. Химиядан Ибрагимова Гулнара айкалыштырып иштөө шартында иштейт.Декаданын ачылышы болуп, окуучулар дубал газеталарды чыгарышты.9-класс менен ачык сабак жана 8-класс менен викторина өттү. 10,11-класстар доклад жазышты.

Олимпиаданын жыйынтыгы каралды. Мектеп ичинде мыкты деп табылган окуучулар райондук олимпиадага жиберилишти. Райондук олимпиаданын жыйынтыгынын негизинде Физикадан Абдылдаева Аэлита 11-класстын окуучусу 1-орунга ээ болду.Калган орунга ээ болбой калган окуучулар менен кийинки окуу жылына даярдык көрүп иштөө сунушталды.

Тарых сабагынын берилиш абалы боюнча мектептин окуу завучу Иманакунова С.С. текшерген.

Зээдүү жана начар окуучулар менен иштөө папкалары текшерилди.Бирикмедеги мугалимдердин планы,керектүү материалдары, окуучулардын иштери бар. Түзүлгөн графиктин негизинде иш алып барылат. Айрым мугалимдерге кемчиликтери айтылып ондолуп, аткарылды.

**4-кенешмеде** математика предметинин декадасы 1-10-мартка чейин болуп өттү.9-11-класстарга мугалим Иманакунова С.С. " акыл ордо" математика, физика боюнча өттү. 5-6-класстарга Абышева А.М. "Женилбес жетөө","Акыл таймаш" 8-класска кызыктуу меледш сабагын өттү.

окуу программасынын аткарылышы бардык мугалимдердин программанын аткарылышы норма. Майрам күндөргө туш келген сабакатар иш күндөрүнө кошумча саат болуп койулуп берилген.Сааттары жетпей калган жана ашып кеткен сааттар жок.

Экзаменге даярдык азыркы учурдагы кырдаалга байланыштуу 9,11-класстарда экзамен онлайн болору айтылып,жоболору менен тааныштырылды.

**5-кенешмеде** биология сабагынын декадасы 11-20-апрелге чейин болду.Декаданын ачылышы болуп, дубал газеталар конкурсу уюшулду.6,7,8-класстар арасында "Өсүмдүктөр жана жаныбарлар" аталышында сүрөт конкурсу уюшулду.9-11-класстар арасында "Акыл ордо" конкурсу өтүлдү.Зээндүү жана начар окуучулар менен иштөөнүн жыйынтыгы каралды.Бирикмедеги мугалимдердин иш пландары бар,ошонун негизинде иш алып барылып турду.Зээндүү окуучулар менен иштөөнүн негизинде физика мугалими Иманакунова С.С. окуучусу олимпиададан жеңүүчү болду.Бирикменин жылдык ишине анализ берилип мугалимдерге кийинки окуу жылына милдеттеме катары олимпиадага окуучуларды даярдоонун үстүндө үзгүлтүксүз иш алып баруу милдеттендирилди.

Бирикме жетекчиси: Бейшекеева Ж.К.

**Ак-Тилек орто мектебинин так жана табигый илимдер бирикмесинин 2021-2022-окуу жылындагы аткарылган ишинин жылдык анализи.**

2021-2022-окуу жылында так жана табигый илимдер бирикмеси жылдын башында түзүлгөн план боюнча иш алып барылды.Так жана табигый илимдер бирикмесинде математика, физика, информатика, химия, тарых, биология, география, дене тарбия, музыка, көркөм, технология, чийүү сабактары кирет.Жыл бою 5 кенешме өткөрүлдү.

Бирикменин курамында:

1.Бейшекеева Ж.К.- бирикме жетекчиси (биология,химия,тарых)

2.Сайдинова Дж.Б. - география мугалими

3.Иманакунова С.С. - физика, математика мугалими

4.Абышева А.М. - математика, информатика, чийүү мугалими

5.Алиев Б.Ж. - дене тарбия, АЧДмугалими

6.Сопуева Н. - музыка мугалими

7. Ниязалиева Г.А. - көркөм,технология

**Биринчи кенешмеде** 2021-2022-окуу жылындагы бирикменин планы боюнча аткарылган иштер тууралуу талкууланды. Жаны окуу жылына бирикменин иш планы түзүлүп, бекитүүгө сунушталды.

Программанын негизинде окулуучу китептер тактaлды.Кут билим газетасынын жана райондук секциялык кенешменин негизинде тактоолор жүргүзүлдү.

**Экинчи кенешмеде** октябрда старттык текшерүү алынды.Окуучулар тесттер менен иштешти.Математикадан 5,6,7,8,9,10,11-класстардан мугалим Иманакунова С.С,Абышева А.М. алды.Физикадан 9,10,11-класстардан Иманакунова С.С, Географиядан 7,8,9,10,11-класстардан Сайдинова Дж.Б, биология жана химиядан Бейшекеева Ж.К, информатикадан Абышева А.М, тарыхтан Узекеева К. окуучулардын алгачкы билим сапатын текшеришти.Предметтик мугалимдер алгачкы билим сапатын тесттин негизинде текшеришти.Билим сапат орто.Негизинен старттык тесттер өз убагында алынды.

Тарых декадасы 11-15-октябрга чейин болду.Мугалим Узекеева К. декаданы өттү.Тарых жана адам коом сабагы боюнча класстан тышкаркы жана ачык сабактардын түзүлгөн пландын негизинде өтүлдү.Дубал газеталар конкурсу уюштурулду.Викторина адам коом сабагы боюнча жана тарыхтан ачык сабактар өтүлдү.

22-30-ноябрга чейин Кемин райондук билим берүү бөлүмү тарабынан бекитилген графиктин негизинде физика, технология, көркөм сабактарынын декадасы өтүлдү.Дубал газета чыгаруу тапшырмалары 7-11-класстарга берилди. 10,11-класстар арасында КВН өтүлдү.8,9-класстар арасында «Бактылуу көз ирмем» интеллектуалдык таймашы кызыктуу болду. «Күз кереметтери» темасында конкурс уюштурулуп, окуучулар түрлүү жасалгаларды, сүрөттөрдү даярдашып, 5,6,7-класстар ортосунда викториналык суроолор, кызыктуу оюндар уюштурулду.

Мектеп ичинде олимпиаданын жыйынтыгы боюнча маалымат. 9-10-11-класстарга бардык сабактардан район боюнча бирдиктүү тапшырмалар түзүлүп берилди. Ал эми 5,6,7,8-класстарга ар бир предметтик мугалимдер өздөрү тапшырмаларды даярдап өтүштү. Мектеп ичинде өтүү үчүн Кемин райондук билим берүү тарабынан буйрук келип ошонун негизинде график түзүлдү. Мектеп ичинде өтүлгөн олимпиаданын жыынтыгынын негизинде так жана табигый илимдер бирикмесиндеги сабактардан алдынкы орунга ээ болгон окуучулар райондук олимпиадага барып катышышты..

13-18-декабрга чейин география,музыка предметинин декадасы өтүлдү. "Географиялык саякат" деген аталышта декаданын ачылышы слайд,сүрөттөр боюнча саякат жүргүзүлдү.6-11-класстар арасында "Суу-өмүрдүн булагы" деген темада пресс-конференция сабагы өтүлдү. 5-11-класстар арасында "Жаратылышка аяр мамиле" деген темада сүрөт сынагы өткөрүлдү.5,6,7-класстар арасында музыкадан «Кыргыздын улуттук аспаптары» темасында класстан тышкаркы сабак өтүлдү.

**3-кенешмеде** Райондук олимпиадага даярдык. Мектеп ичинде мыкты деп табылган окуучулар райондук олимпиадага барышат. Райондук олимпиадага физикадан Нарынбеков Болот 10-класстын окуучусу, биологиядан Назаралиева Аяна 10-кл, тарыхтан Жапарова Нурзат 11-кл, географиядан Кочкорбаев Элмырза 9-кл.Өткөн окуу жылдарындагы олимпиаданын тапшырмаларынын негизинде окуучуларга даярдык көрүлүүдө. Каникул убагында окуучуларды мектепке чакырып даярданышты.

17-21-январга чейин Кемин районлук билим берүү бөлүмү тарабынан койулган пландын негизинде химия сабагынын декадасы болуп өттү. Дубал газеталар чыгарылып, класстан тышкаркы ачык сабактар өтүлдү.

Зээндүү жана начар окуучулар менен иштөө папкалары текшерилди.Бирикмедеги мугалимдердин планы,керектүү материалдары, окуучулардын иштери бар. Түзүлгөн графиктин негизинде иш алып барылат. Айрым мугалимдерге кемчиликтери айтылып ондолуп, аткарылды.

**4-кенешмеде** математика предметинин декадасы 28-февралдан 4-мартка чейин болуп өттү.9,10,11-класстарга мугалим Иманакунова С.С. "Акыл ордо" интеллектуалдык таймаш сабагы математика боюнча өттү. 5-6-класстарга Абышева А.М. "Поле чудес" кызыктуу меледш сабагын өттү. «Математикалык кече» 8,9,10,11-класстар ичинде болуп өттү.Жыйынтыгында активдүү катышкан женүүчүлөргө грамота, ар кандай белектер, сыйлыктар тапшырылып,ыраазычылыктар айтылды.

окуу программасынын аткарылышы бардык мугалимдердин программанын аткарылышы норма. Майрам күндөргө туш келген сабакатар иш күндөрүнө кошумча саат болуп койулуп берилген.Сааттары жетпей калган дене тарбия мугалими Алиев Б.Ж. себеби эмгекке жарамсыздык баракчасында болгондуктан. Ашып кеткен сааттар жок.

Мамлекеттик экзамен 9,11-класстарда болот. Математикадан экзаменге жоболору менен тааныштырылды. Тарыхтан типтүү билеттин негизинде билет даярдалат.

**5-кенешмеде** биология жана дене тарбия сабагынын декадасы 11-15-апрелге чейин болду.Декаданын ачылышы болуп, дубал газеталар конкурсу уюшулду.6-класс арасында «Кол күрөш» болуп өттү. Эстафета «Ден соолук булагы спорт» темасында окуучуларды дени сак жашоого үндөө болду.Канаттуулар майрамы 7-класс менен, 8-класс менен ачык сабактар өтүлдү.

Зээндүү жана начар окуучулар менен иштөөнүн жыйынтыгы каралды.Бирикмедеги мугалимдердин иш пландары бар,ошонун негизинде иш алып барылып турду.Зээндүү окуучулар менен иштөөнүн планын кийинки окуу жылына түзүп кетүү каралды. Бирикменин жылдык ишине анализ берилип мугалимдерге кийинки окуу жылына милдеттеме катары олимпиадага окуучуларды даярдоо жана «ПИЗА 2025» жалпы эл аралык тестирлөөнүн үстүндө үзгүлтүксүз иш алып баруу милдеттендирилди.

Бирикме жетекчиси: Бейшекеева Ж.К.